**БОЛДЖУРОВА И.С.,**
*КРСУ*

# КЫРГЫЗ-ТҮРК БИЛИМ БЕРҮҮ КЫЗМАТТАШУУСУНУН ТАРЫХЫ

СССРдин кулашы, өз өнүгүү жолдорун издөөдөгү кыйынчылыктар, жаш мамлекеттердин өзүн таанытуу аракеттери – бир жагынан глобалдаштыруу, экинчи жагынан эл аралык интеграция – жаңы эгемендүү мамлекеттер алдына оор милдеттерди жана чакырууларды койду... Жалпы бир тарыхка ээ, диний көз караштары бир келген, Улуу Жибек жолунда жайгашкан Борбор Азия мамлекеттери ири, жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн геосаясий, экономикалык жана гуманитардык кызыгын туудурду. Түзүлгөн бул кырдаалда Түркия мамлекети тарыхый бир жолду башынан кечирген, маданияты, тили, дини жагынан окшош, мурунку Союз мамлекеттери менен тыгыз карым-катнашта болууга кызыкдар экендигин биринчилерден болуп билдирди. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн да алгачкылардан тааныган мамлекет болуп бекеринен Түркия чыккан эместир. Мындай мамилесин Түркия мамлекети эгемендигин алган жана түрк дүйнөсүнө кирген башка дагы бардык мамлекеттерге – Казакстанга, Өзбекстанга, Түркмөнстанга карата да билдирди. Бул мамлекеттер ортосунда кыска аралык ичинде өз ара сый-урматка негизделген ири келишимдик-укуктук негизде дипломатиялык мамилелер түзүлүп, элчиликтер жана өкүлчүлүктөр ачылып, саясий, соода-экономикалык, аскерий-техникалык, маданий-гуманитардык, илимий-билим берүү кызматташуу орун алды. Мунун мисалы болуп: түрк тилдүү мамлекеттер башчыларынын саммити; Түрк Кеңешинин уюшуусу; Түрк академиясынын ачылышы; түрк тилдүү мамлекеттердин жана коомчулуктардын курултайлары; Өзүн-өзү башкаруу органдарынын конгресси; Диний кызматчылар конгресси; Евроазия өлкөлөрүнүн экономикалык форуму; ар кыл иш-чараларга ээ ТЮРКСОЙ, түрк тилдүү мамлекеттеринин университеттеринин биримдиги; ТИКА ишмердүүлүгүн активдештирүү жана башка да көптөгөн иш-чаралар саналат. Эгемендүүлүктү алгандан берки жыйырма жыл ичинде Түркиянын Борбор Азия аймагындагы кызматташусунун эң эле көрүнүктүү натыйжаларынын бири болуп, анын Казакстан, Кыргызстан менен болгон соода-экономикалык багытында, ошондой эле гуманитардык чөйрөсүндөгү да карым-катнашы болду. Чынында, маданий-билим чөйрөсүнөн алганда Түркиянын эң эле көп сандагы окуу жайлары ушу мамлекеттерде жайгашкан. Маселен, Казакстанда 28 казак-түрк лицейи, Х. Ясави атындагы Эл аралык казак-түрк университети жана С. Демирел атындагы университет, ошондой эле Юнус Эмре атындагы түрк маданий борбору өз ишин алып барууда. Ал эми Кыргызстанда 22 «Себат» кыргыз-түрк лицейи, «Silk Road» эл аралык мектеби, Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Эл аралык «Ататүрк-Ала-Тоо» университети жайгашып, ошондой эле Юнус Эмре атындагы түрк маданий борборун негиздөө туурасында макулдашуу бар. Ошол эле убакта Өзбекстанда эки тарап кол астындагы бир дагы окуу жай жок, ал эми Түркмөнстанда болсо Кемал Ататүрк атындагы бир түркмөн-түрк мектеби жана Эл аралык түркмөн-түрк университети гана бар[1].

Өз таасир чөйрөсүнө кийрүүгө кызыккан алдыңкы мамлекеттер үчүн мурунку советтик өлкөлөр менен болгон өз ара мамилелерде эң эле натыйжалуу болуп адам факторун өнүктүрүү аракети чыгарын XXI кылымдагы эл аралык карым-катнаштар көрсөттү. Өзгөчө жаштар менен иш алып баруу – акча каражаттарын билим берүү тармагын өнүктүрүүгө салуу, билим берүү программалары менен алмашуу жана кызматташууга, балдар жана өспүрүмдөр маданий-билим берүү долбоорлоруна тартуу. Чет мамлекеттердин мындай саясаты иш жүзүндө алардын эң эле натыйжалуу жана узак мөөнөттүү салымы болуп чыкты. Дипломатияда мындай ыкма «жумшак күч» деген атка ээ. Маселен, Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында, ал өз өнүгүү жолун

[1] Вейцель Р.В. Культурно-образовательное сотрудничество Кыргызстана и Турции: современное состояние, проблемы взаимодействия. 06.12.2013. // httr://www.easttime.ru/print/analytics……

тандап жаткан оор мезгилинде, өлкө ар кыл билим берүү системаларынын атаандашуу аянтчасына айланды. Чет жакадан каржыланган Борбордук Азиядагы Америка университети, Кыргыз-Орус Славян университети, Чыгыш (Кувейт) университети уюшулду. Ал эми өлкө ичинде Кыргызстан эл аралык университети сыяктуу бир катар окуу жайлар ачылды, алар европалык билим берүү системасын үлгү катары колдонуп, өз окуу процесстерин уюштурууга умтулушту. Республиканын билим берүү жаатында атаандаш окуу жайлар пайда болду.

Билим берүү чөйрөсүндөгү ары оңой эмес кырдаалда Түркия мамлекети Кыргызстандын жаш муунуна билим берүү жана аларды агартуу жаатында стратегиялык жактан түзөтүлгөн, узак мөөнөттүү долбоорду жүргүзгөн жалгыз мамлекет болуп чыкты. Анын өзгөчөлүгү болуп анын мамилесинин системдүүлүгү жана жаштарга билим берүүдө жана агартууда мүмкүн болгон бардык каражаттарды колдонгондугу саналат. Маселен, мамлекеттик, жана жеке «Себат» кыргыз-түрк лицейлерин ачылышы менен, андагы окуучулар Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жана «Ататүрк-Ала-Тоо» жеке университетинин негизги абитуриенттери болуп калышынын натыйжасы болду. Мектептик билим берүүдө өзгөчө орунду ээлеп, лицейлер Кыргызстандын күчтүү орус тилдүү мектептерин атаандашы болуп чыкты. 1992-жылдан тартып 2012-жылга чейин Кыргызстанда «Себат» тармагынын 22 окуу жайы, «Silk Road» эл аралык мектеби ачылды, «Ататүрк-Ала-Тоо» жеке университети да бул курамда. 2015-2016-жылдары Кара-Балта шаарында эркек балдар лицейин ачуу пландаштырылууда. Учурда бул системада 8824 окуучу, 2071 студент билим алып жатат. Ал эми 1996-жылдан тартып «Себат» кыргыз-түрк лицейин 12468 окуучу бүтүрдү. Бул лицейлердеги окутуу акылуу экендигин белгилей кетүү керек. Бирок окуу толомуно ар кандай женилдик киргизилген. Мисалы: 400 окуучу бекер, ал эми 312 окуучу 25% толойт, 493 бала 50% женилдик менен окушат. Башкы негиздөөчүсү болуп дүйнөгө, өзгөчө түрк тилдүү дүйнөсүнө таанымал, белгилүү коомдук жана диний ишмер Фетуллах Гюлен тарабынан башкарылган «Хизмет» кыймылы саналат. КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча 1992-жылдан тартып «Себат» эл аралык билим берүү мекемеси республиканын билим берүү системасына 115 миллион доллар суммасында түз инвестиция кылды. Бул мекеменин ишмердүүлүгү республиканын укуктук негизине ылайыкташкан. Маселен, бардык кыргыз-түрк лицейлери ар бир беш жылда аттестациядан өтүп, окутуу мамлекет Министрлиги бекиткен базистик окуу планы боюнча, Кыргыз Республикасынын окуу-тарбия процесстеринин билим берүү стандарттарына ылайык жүргүзүлөт. Лицейлердин балдардын жашоосуна керектүү бардык нерселер менен жабдылган ыңгайлуу жатаканаларга ээ. Билим берүүдөгү өзгөчөлөгү болуп математика, физика, химия, биология, информатика сабактарынын англис тилинде терең окутулушу саналат. Ошондой эле англис жана түрк тилдери да терең өздөштүрүлөт. Калган предметтери кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. Жогоруда саналып өткөн терең өздөштүрүлгөн сабактар боюнча окуу программалары республиканын Министрлигинин мыйзамы менен бекитилген. Окуу китептери, математика, химия, биология, физика боюнча окуу куралдары Zambak Publishing түрк басылмасы тарабынан, ал эми англис тили боюнча китептери менен окуу куралдары Oxford Press басылмасы тарабынан сунушталарын белгилеп кетүү керек[2]. Ошондой эле кыргыз-түрк лицейлеринин окуучулары акыркы 15 жыл ичинде мектеп окуучулары арасындагы Республикалык предметтик олимпиадаларга активдүү катышып, байгелүү орундарды ээлеп келгендигин да баса көрсөтүү зарыл. Маселен, 2011-жылы олимпиаданын 148 байгелүү орунунан Кыргыз-түрк лицейлери 65 орунду ээлешти, 2012-жылы 150 орундан тиешелүү түрдө 59 орунга, ал эми 2013-жылы 108 орундан 52 орунга ээ болушту. Англис тили жаатында болсо, бул предметти терең өздөштүргөн окуучулар арасында лицейдин окуучулары бардык болгон байгелүү орундарды ээлеп келишет. Ошентип, ата-энелерди, жаштарды бул лицейлердеги билим

[2] Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин архивинен, 2015 ж.

берүү сапаты, көп сандагы чет тилдерди билүү, жана да окууну бүтүп чет жакадагы жогорку окуу жайларга өтүү мүмкүнчүлүгү кызыктырып келет.

Ал эми айрым эксперттердин окуучуларды тарбиялоодо диний, пантүркизм идеологиясындагы учурлардын басым кылышы деген ырастоолоруна карата каршы далилдер – лицейлерде жаш муундун адеп-ахлактык тарбиясына көбүрөөк көңүл бурулгандыгы жөнүндө далилдер да бар. Макала автору билим берүү министри болуп турган кезинде лицей окуучулары арасында диний тарбиялоо жана ислам баалуулуктарын киргизүү маселелерин изилдөөсү үчүн бир катар жолу бул мекемеге комиссияны жөнөткөн. Документацияда, бул окуу жайларда мусулман биримдигин, пантүркизм идеяларын баамдоо сыяктуу агрессиялык тарбиялоо байкалган эмес. Бул жагынан дин маселелери боюнча эксперт Кадыр Маликовдун айткан сөздөрү туура чыгат, анын пикири боюнча «Хизмет» социалдык-жарандык уюму («Себат» кыргыз-түрк лицейинин негиздөөчүсү) «экстремисттик, радикалдуу же саясий эмес. Бул кыймыл Кыргызстандагы салттуу ислам менен дал келет»[3]. Ошентип, «Себат» кыргыз-түрк лицейин толугу менен сапаттуу билим жана жакшы адеп-ахлактык тарбия берген «жаңы типтеги мектеп» деп эсептөөгө болот.

Жогорку билим берүү жаатында болсо, студенттер жана адистер менен алмашуу боюнча өкмөттөр аралык макулдашуулардын алкагында 1700гө жакын Кыргызстан жаштары Түркиянын алдыңкы университеттеринде билим алып келишет. Ошондой эле бул мамлекет жаштарга жогорку билимден кийин профессионалдуу даярдык алууга да жол ачты. Түркия тарабынан билим берүү багытында активдүү колдонулуп келген дагы бир жолу – бул эки өлкөнүн ири университеттери ортосундагы келишимдердин негизиндеги өз ара кызматташуусу. Жогорку окуу жайлар ортосундагы биринчи келишимге 1992-жылдын 3-мартында Бишкекте Ош мамлекеттик педагогика институту (кийинчирээк Ош мамлекеттик университети) жана Эгей Университети ортосунда кол коюлган. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын дээрлик бардык жогорку окуу жайларынын колунда Түркиянын ар кыл жогорку окуу жайлары менен кызматташуусу туурасындагы келишимдери бар. Жогорку окуу жайдык байланыштардан да тышкары эки өлкөнүн студенттерди стажировкалардан өткөрүү; экономиканын ар кыл тармагындагы, аскерий-техникалык тармактагы, илим жана маданият тармагындагы адистердин квалификациясын жогорулатуу; жогорку билимден кийинки окутуу – магистратура, докторантура; кыргызстандык окуу жайлары менен Түркиянын алдыңкы университеттери ортосунда профессордук-окутуучу курамы менен алмашуу жаатында көп жылдык кызматташуу тажрыйбасы бар, жана мунун баары өзүнүн оң натыйжаларын берүүдө. Ошентип, Түркия тарабы жаш муунду тарбиялоодогу, билим берүүдөгү жана кышматташуудагы бардык мүмкүн болгон жолдорду колдонуп: мектептик, орто кесиптик, жогорку жана жогорку билимден кийинки окутуу жаатын камтыды.

Эки тараптык кыргыз-түрк билим берүү-маданий карым-катнаштар ири жана бекем келишимдик-укуктук негизге ээ. Ал эми бул мамилелердин башатын 1991-жылы 12-июлда Анкара шаарында кол коюлган 1991-1993-жылдарга маданият билим берүү жана илим тармагында кызматташуу жөнүндө Протокол салды. Ошондо эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Түркиянын Улуттук агартуу министрлиги ортосундагы билим берүү жана маданият тармагында кызматташуу жөнүндө Протоколуна да кол коюлган. Аталган Протоколдор эки, Кыргызстан жана Түркия министрликтери ортосундагы Бишкектеги 1992-жылдын март айындагы макулдашуулары менен бекитилди. Макулдашуулардын бардык беренелерин натыйжалуу жүзөгө ашыруу максатында эки министрликтин өкүлдөрүнөн турган Туруктуу комиссия түзүлүп, аталган комиссия жылда бир мамлекеттердин биринде отурум кылат. Узак убакыт аралыгында – 1994-жылдан тартып 2006-жылга дейре Туруктуу комиссиянын 9 натыйжалуу отуруму өттү, ал чогулуштар бирде Бишкекте, бирде Анкарада болуп жатты.

---

[3] Маликов Кадыр. Краткое пособие по Исламу.// Бишкек, 2013, с. 68-71.

Бул аралыкта эки өлкөнүн кызматташуусундагы көрүнүктүү окуясы болуп Бишкекте 1995-жылдын 30-сентябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы «Манас» атындагы Кыргыз-Түрк университетин негиздөө туурасындагы келишимге кол коюлушу саналат. Эки мамлекеттин бул демилгеси Кыргызстандын билим берүү системасы үчүн абдан маанилүү келди. Себеби, жогорку билим берүү системасында бюджеттик, акысыз негизде билим берген, республиканын башка жогорку окуу жайларынан илимий-техникалык жабдуусу боюнча кыйла алдыга озгон, жана да академиялык калыстык үлгүсүн көрсөткөн жаңы мекеме түрү пайда болду. Түркия тарабынын каржылоосу менен жана борбордон 40 гектар жер бөлүп берген кыргыз тарабынын катышуусу менен курулган университеттин жаңы имараты менен кампусу Кыргызстан борборунун түштүк тарабынын тоолуу архитектурасына төп келди. Университеттин өзгөчөлүгү болуп ошондой эле түрк цивилизациясы боюнча жүргүзгөн ири илимий-изилдөөчү иши болуп саналат. Университетте көп сандаган эл аралык симпозиумдар, конференциялар жана конгресстер өтөт, ал жерде актуалдуу генезис маселелери, кыргыз элинин тарыхы, Евразия түрк элдеринин тил таануусунун маданияты, тарыхы талкууланат. Бүгүн Кыргыз-Түрк «Манас» университети түрк цивилизациясын изилдеген Борбор Азиядагы ири борбор болуп калды.

Биздин карым-катнаштардын келишимдик-укуктук негизине кайрадан кайрылып, 2008-жылы Анкара шаарында КРнын Билим берүү жана илим министрлиги менен Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлиги ортосундагы билим берүү тармагында кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюлгандыгын белгилеп кетким келет. Муну менен эки өлкөнүн ортосундагы көп жылдык кызматташуусунда жыйынтык чыгарылды. Бул мөөнөтүн негизги жыйынтыгы болуп Түркия тарабынын «Анадолу» жана Ч. Айтматов атындагы эки мамлекеттик лицейлеринин калыптанышындагы ири салымын, «Себат» лицейлер тармагынын өнүгүүсүндө саясий колдоону, жана өзгөчө, жаңы типтеги Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин курулуусун жана калыптануусун уюштуруп, аны ар тараптуу колдоосун саноого болот. Ошондой эле эл аралык биргелешкен семинарларды өткөрүү; биргелешкен билим берүү программаларын иштеп чыгуу салт болуп калгандыгын; эки өлкө жогорку окуу жайларынын ортосундагы түз байланыштарын; кыргыз тарыхчылары, тил тaануучулары, музыканттары, режиссерлору Түркия Республикасынын жогорку окуу жайларында сабак берип, ал эми түрк окутуучулары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында сабак берип жаткандыгы белгилеп кетели. 1995-жылдан тартып эки өлкөнүн окумуштуу-педагогдору жана методисттери окуу куралдарынын үстүндө иштеп келишет. Биздин мамлекеттер ортосундагы жетишкендиктерге ошондой эле: жаштар жана балдар чыгармачыл жамааттарынын достук байланыштарынын калыптануусун; илимдин ар кыл тармагында биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана мугалимдер үчүн семинарларды, конференцияларды, симпозиумдарды өткөрүү аракеттерин киргизүүгө болот. Муну менен бирге Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин Түркия Республикасына «Түрк маданияты жана улуттук билим берүү системасы менен таанышуу» семинарына катышуу үчүн бет алууга мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин өзгөчө белгилеп кетебиз. Биздин баамыбызда, Кыргызстан менен Түркиянын билим берүү тармагындагы келишимдик-укуктук карым-катнашынын кийинки баскычы 2011-жылы башталды. Кызматташууну күчөтүп, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуугун жогорулатуу жана бул жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгүнүн регламенттештирүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркиянын Өкмөтүнүн ортосунда жаңы Келишим түзүп, кол коюу талабы туулду. Келишим долбоору Кыргызстан Өкмөтү тарабынан 2011-жылдын 25-апрелиндеги буйругу менен макул табылган. 2011-жылдын 26-апрелинде Кыргыз Республикасынын Премьер-министри А. Ш. Атамбаевдин Түркия Республикасына жасаган расмий сапарынын алкагында ал Келишимге кол коюлган. Аталган Келишимдин буга чейинкисинен өзгөчөлүгү болуп анда бир катар беренелердин

өзгөрүшү саналат. Мисалы, Кыргыз-Турк "Манас" университетинин жаны Уставын кабыл алуу, жана башкалар.

Ошентип, жыйынтыкка келсек, билим берүү тармагындагы кызматташуу жаатында эки өлкө бир нече баскычтарды басып өттү:

- **биринчи баскычы** – 1991-жылдан 2008-жылга чейин – келишимдик-укуктук, уюштуруучулук чөйрөдөгү үзүрлүү кызматташуу жылдары болду, ал жылдары Кыргыз-Түрк «Манас» университети, кыргыз-түрк лицейлер тармагы түзүлүп, окутуучу, студенттер менен өз ара активдүү алмашуу жүрдү;

- **экинчи баскычы -** 2008-жылдан 2012-жыл аралыгын камтыды – бир калыптагы кызматташуу мезгили;

- **үчүнчү баскычы -** 2012-жылдан бүгүнкү күнгө чейин – өз ара кызматташуудагы заманбап келишимдик-укуктук негиздерди түзүүнүн жаңы мезгили.

Жалпысынан, учурдагы эки өлкө кол астындагы окуу жайлардын, лицейлердин ишмердүүлүгү менен байланышкан эки ортодогу маселелерге карабастан, билим берүү жаатындагы кыргыз-түрк мамилелери жогорку деңгээлге жетти деп айтсак болот. Жана да Кыргызстандын билим берүү багытындагы эл аралык кызматташуусун караштыра турган болсок, Түркия мамлекети анда алдыңкы, Россия Федерациясы менен болгон салттуу карым-катнаштар менен бир катар орунду ээлеп келет. Кыргызстандын Түркия мамлекети менен болгон 25 жылдык кызматташуусунун ичинде түптөлгөн карым-катнашынын мүмкүнчүлүктөрү зор.